# БАЙЫРКЫНЫН ТАБЕРИГИ – ЭЛДИК МЕДИЦИНА

**Э.К. Абдырасулова, Таалайбек к. К.**
И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы,
Кыргыз тили кафедрасы
Бишкек ш., Кыргыз Республикасы

**Корутунду.** Бул макалада кыргыздардын кылымдап калыптанып келген элдик медициналык билимдери каралган. Аларды пайдалануу менен адамдарга жана жаныбарларга дарылоо жүргүзүлгөндүгү тууралуу маалыматтар келтирилди.
**Негизги сөздөр:** элдик хирургия, цинга, метеорит, эмпирикалык табып, бакшы, тамырчы, чар дары, кан темир, мумие.

# СВЯТЫНЯ ДРЕВНОСТИ - НАРОДНАЯ МЕДИЦИНА

**Э.К. Абдырасулова, Таалайбек к. К.**
Кыргызская государственная медицинская академия им. И. К. Ахунбаева,
Кафедра кыргызского языка
г. Бишкек, Кыргызская Республика

**Резюме.** Издревле, на основе народной медицины, использовали растения, имеющие целебные свойства. В статье представлена информация о применении и о методах лечения людей и животных с помощью этих растений.
**Ключевые слова:** народная хирургия, цинга, метеорит, эмпирический целитель, бахши, шаман, чар дары, кан темир, мумие.

# TRADITIONAL MEDICINE IS SANCTITY OF ANTIQUITY

**E.K. Abdyrasulova, Taalaybek k. K.**
Kyrgyz State Medical Academy named after I.K. Akhunbaev,
Bishkek, the Kyrgyz Republic
Department of Kyrgyz Language

**Abstract.** This article is considered the traditional medicine of the Kyrgyz people, which has been farmed over the centuries. From ancient times, based on the traditional medicine, people used plants with healing properties; it provides information on the uses and methods of treatment of people and animals with the help of these plants.
**Keywords:** folk surgery, scurvy, meteor, empirical healer, witch doctor, rainmaker, herb, kantemir, mummy.

Элдик медицина — адамды ар түрдүү дарылар, дары өсүмдүктөр (көбүнчө чөптөр), минералдык заттар, айрым жаныбарлардын эти жана ички органдары жана башка дарылык касиети бар заттар менен айыктыруу жөнүндөгү элде чогулган маалыматтар, эмпирикалык түшүнүктөр. Элдик медицина адамзат жаралгандан бери белгилүү. Ошол кылымдык тажрыйбалардын негизинде азыркы илимий медицина пайда болгон.

Мисалы, египеттиктер апийимди, тибеттиктер жаратылыштагы заттарды дары катары кеңири колдонушкан. Азия элдеринин адабий мурастарында климат, таза аба, дене тарбия, туура тамактануу ден соолукту сактоодо зор мааниси бар экендиги жөнүндө маалыматтар сакталган. Элдик медицина тууралуу Гиппократ, Гален, Ибн Сина жана башкалардын эмгектеринде жазылган. Орусияда Элдик медицина элементтери, түрдүү өсүмдүк маңызы жараат, цинга жана башкалар ооруларды дарылоодо кеңири пайдаланылган. Кээ бир тажрыйбалуу табыптар Борбордук Африкада операция жасап, жатындагы баланы ала алышкандыгы айтылат. Биздин ата-бабаларыбыз да бул тармакта мыкты денгээлдерге жеткен. Кыргыздын элдик медицинасында картык менен кан алуу, сүлүк салуу, кийиз күйгүзүп басып, кандын агышын токтотуу, тамыр кармап ооруларды «ысык» же «суук» деп бөлүп, тамактануу жолун көрсөтүү жана башкалар («ысык» болсо оорулууга мүнөз тамак же 20—30 күн кайнак суу берип, ачкалык менен «суук» болсо күчтүүлөп тамак берип дарылаган) колдонулган. Кыргыздардын илгерки көчмөн турмушунда элдик хирургия болгондугу да белгилүү. Мисалы, сынган сөөктү сакайтуу, жөнөкөй операцияларды жасай билүү жана жөнөкөй хирургиялык аспаптардын биздин күндөргө чейин келип жетиши мунун далили. Бул маалыматтар азыркы мезгилге чейин оозеки түрүндө жетти.

Буга далил “кыргыз элинин алтын казынасы” болгон “Манас” эпосу.

«Манас» эпосунда жогоруда айтылган дары заттар жана элдик дарылык ыкмалардын көпчүлүгү анын бардык варианттарынан жана башка маалыматтарда кездешет. Кыргыздын элдик медицинасында ар кандай өсүмдүктөр, көбүнчө чөптөр дары катары колдонулуп келгендиги белгилүү. «Манаста» алардын айрымдарынын аттары эскерилип кетет. Мисалы, мээр чөп. Организмге жагымдуу жыттуу дары чөп экендиги айтылат. «Манас» эпосунда чар дары деген да чөптөрдөн жасалган дары кездешет.

Алты-жети жанаяк
Чар дары кылып жуткузса,
Казактардын эр Көкчө
Умачтай көзү ачылды,
Ооруган жери басылды [1, 160-б.].

Чар дары бир нече дары чөптүн кайнатмасынан жасалган. Ошондой эле дары болчу 4—5 бөлөк тамырларды майда ийлеп аралаштырып чар дары жасашкан. Дары чөптөрдөн «Манаста» уулжан аттуу чөптүн: «Уулжан берип ичинен Эски дартын буздуруп» — деп, кайсы учурда пайдаланыла тургандыгы айтылып кеткен. Сагымбай Орозбаковдун вариантында ушул эле дарынын улжемил деген формада айтылары кездешет. «Улжемил деген

дарысын Жутуп алды барысын. Аккан каны басылып»[1, 160-б.].

«Манас» эпосунда апийим тууралуу да кабар бар. Мисалы, «Мажму ат-таварихтеги» Манаска уу берип, эс-учун билбей өлгөнү жатканда ага уунун күчүн тарата турган дарыны беришет. Ал дарыны Сейид Жалал ад-Дин аттуу адам Манастын оозуна бир күндө бир тамчыдан куюп отуруп, 10 күн дегенде Манас көзүн ачат [2, 68-б.]. Эмгекти орусчага которгон В.А. Ромодиндин түшүндүрмөсүндө ал дары тирьяк деп аталат да эки маанини билгизет:

1) уунун күчүн тарата турган дары;
2) апийим.

Бул эпизоддо апийим катары түшүндүрүлөт.

Сагымбай Орозбаковдун вариантында ийсен, жуушаң аттуу дары чөптөрдүн аттары кездешет.

Ийсең, жуушаң чөбү бар, Издегендин көбү бар. Орол тоонун учу бар, ойлонсоң сонун ушулар [1, 435-б.]. Жуушаң кыргыз тилине иран тилдеринен кирген сөз. Эрмендин бир түрү болуп саналат. Кыргыз элдик медицинасында колдонулган.

«Манастын» саптарынан өсүмдүк чөптөрдөн тышкары башка заттардан, мисалы, минералдардан алынган дарылар жөнүндө да кабарлар бар. Ошолордун бири кантемир дары. Муну метеориттерден жаралган дары деп болжолдоого болот. Эпостун саптары жаныбарлардын этинен жана ички органдарынан даярдалган дарылар тууралуу да баяндама берет. «Мажму ат-таварихте» эт, бал, арак дары катары колдонулганы сүрөттөлөт.

Бир эпизоддо Манас оор жарадар болот. Ошондо Кара кожо деген адам күнүгө кийиктин баласын алып келип, этин бышырып, бал менен кошо берип жатып Манасты сакайтат [2, 67-б.]. Радлов жазып алган вариант боюнча кашкулак өтү, арак, бал дары катары колдонула тургандыгы айтылат. «Манаста» кашкулак өтү менен бирге кажырдын өтү да колдонулуп келгени эскерилет:

Кажырдын өтү барбы деп,
Чуулаганы андан көп,
Кумия дары момия,
Бар бекен деп кошундан.
Сурап жүргөн андан көп [1, 231-б.].

Мында кажырдын өтү менен бирге момия жөнүндө да айтылат. Момия же мумия деле жаныбарлардын, атап айтканда чычкандын бир түрү бөлүп чыгарган затка кирет. Ошентип «Манаста» жаныбарлардын азыктарынан даярдалган бир топ дарылар тууралуу маалыматтар чагылдырылган.

«Манастын » саптарынан арбыныраак кездешкен дарылардын тобун эпикалык дарылар түзөт. Алар кайсы чөптөн же кайсы заттан жасалганы белгисиз. Мисалы, апы же үпү. Ал жалаң гана «Манаста» эле эмес, башка кенже баатырдык эпостордун саптарынан да кездешет. Демек, бул дарылар эл арасында кеңири колдонулса керек. Булардан тышкары «Манаста» кырма кызыл дары, кайнатма кара дары же кара дары же кашкардын кара дарысы, Медет, себеп, жот дары, искеме дары, ак дары, Барпы жана башка дарылар да бар.

«Манастагы» кыргыз элдик медицинасынын экинчи тобуна элдик хирургия жана ошого байланышкан

жөнөкөй хирургиялык аспаптар, сынган сөөктү айыктыруу ыкмалары тууралуу маалыматтар кирет. Кыргыз дарыгери колдонгон аспаптардан эпосто жараны тиле турган скальпель формасындагы курч бычак аштар жөнүндө маалымат кездешет. Денеде калган жаанын огунун жана башка темир куралдардын сыныгынын канчалык тереңдикте жатканын билүү үчүн жана да окту ордунан козгоп, копшутуш үчүн колдонулган тинтүүр аттуу жөнөкөй аспаптардын «Манастагы» билдирүүлөрү бул буюмдун өзүнүн археологиялык казуулардын негизинде Тувадан табылганы менен бышыкталган. Бузулган канды сордуруп алуу үчүн колдонулган картык деген аспап да «Манас» эпосунун саптарынан кездешет.

Сагымбай Орозбаковдун вариантында шимшүүр деген да бир аспаптын аты эскерилет:

Ок жуткуруп окшутуп,
Сом эттеги окторду,
Шимшүүр менен копшошуп,
Тилип жаткан дагы бар [3, 235-б.].

Элдик хирургияда колдонула турган ыкмалар туурасында эпосто маалымат бар. Мисалы, «Мажму ат-таварих» боюнча Манас кансырап оор абалда калганда Канбай бакадур деген киши согуш майданынан атка мингизип алып чыгып кетет. Аны Кара кожо деген адам дарылап, денесинен бир топ жаанын огун чыгарат. «Манаста» жөнөкөй хирургиялык ыкмалар жөнүндө да кабар бар. Мисалы,

Колу-буту сынганын,
Шак-шактарын жонушуп,
Соорунуна шапа-шуп,
Коюп жаткан дагы бар [4].

Кай бир учурда эпосто шак-шактын кандай формада, кайсы жыгачтан жасалышы айтылат:

Буту сынган мунун деп,
Теректерден табышып,
Челек кылып чабышып,
Оюп жүргөн андан көп [3, 291-б.].

Булардан тышкары дагы бир катар дарыгерчилик ыкмалар «Манастын» саптарында чагылдырылган. Мисалы, Элдик медицинада кеңири белгилүү болгон аккан канды ысык кийиз менен басып токтотуу жана териге отургузуу тууралуу Ч. Валиханов жазып алган текстте мындайча баяндалат:

Капырдын каны Жолойдун
Жаагынан каны жыйылбай,
Кызыл суу болуп акты эле,
Жолом үйдөн кийизди
Кыйып келип жапшырды,
Аган эле болбоду
Жолум үйдөй кол алып
Тагы келип жапшырды
Ошондо гана тыйылып калды дейт
Токсон өгүз терисин
Каптап эле кийди дейт [5].

«Манас» эпосунун ар кандай варианттарында жаанын огун денеден чыгаруу ыкмалары тууралуу учкай түрүндө болсо да айтылат. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында Кытайдын Кулутка дегенине жаанын огу тийгенде төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

Алты илегер барганы
Дары сыйпай салганы
Сыйпаган болуп дарыны
Окту тартып алганы
Тартканында ок чыкты
Окко кошо көк чыкты
Көк аралаш кан чыкты [5].

«Манас» эпосунда элдик медицинанын өкүлдөрү болгон дарыгерлер же дарыгерлик функцияларды аткарган өзүнчө бир адамдардын социалдык тобу тууралуу да маалыматтар чагылдырылган [6]. Биринчи ирет буларга дарыгерлер, табыптар, илегерлер (орустун лекарь деген сөзүнөн) кирет. Табыпчылык кылгандарга «Манас» боюнча дагы бакшыларды, бүбүлөрдү, ошондой эле ар кандай төлгөчүлөрдү (негизинен далычыларды) киргизсе болот.

Кыргыз элдик медицинасына тиешелүү болгон жаратылыш объектилери жөнүндө да «Манаста» эскерүүлөр бар. Мисалы, мазар жерлерге баруунун максаттарынын бири дарылануу болгон. «Манас» эпосунда элдик медицинада байланыштуу бир топ маалыматтар камтылган. Мында чагылдырылган ар кандай дарылар: (өсүмдүк чөптөрдөн, минералдардан, жаныбарлардан алынган азыктар) кыргыз элинин илгерки турмушунда пайдаланылып келгени этнографиялык материалдар менен бышыкталып турат. Кыргыз элинин көчмөн турмушунда сынган сөөк-саакты сакайтуу, айрым башка ооруларды айыктыра билүү кадыресе көрүнүш болгон. Мына ушул илгертен берки келе жаткан элдик медицина тууралуу кыргыз элинин эмпирикалык тажрыйбасы «Манас» эпосунда чагылдырылган.

"Элдик медицина" аталган илимдин өкүлдөрү табыптардын билими да дара-жаларга (категорияларга) бөлүнөт десек болот.

Элдик медицинанын өкүлдөрү үчкө бөлүнөт:

1. Табып (дарыгер)
2. Молдо (дин өкүлү)
3. Бакшы (психолог)

Булардын ичинен, мисалы: табыпчылардын деле (башка кесиптегилер сыяктуу эле) орто билимдүүсү, жогорку билимдүүсү (профессор, академик дегендей) жана билими жоктору да бар.

Алардын атайын кесиптик багыттары болот:

1. Сыныкчы; 2. Тамырчы; 3. Дубачы; 4. Хирургу; 5. Терапевти; 6. Дарт аныктоочу; 7. Айтымчысы; 8. Төлгөчүсү

Бирок атайын көзү ачылып, бата алып, бакшы, табып болуп, элге сооп үчүн иштей турган адамдар азыркы учурда өтө аз. Табыптар дагы: табып, устат табып дегендей бөлүнөт. Устат табыптардын тажрыйбаса 7–10 жылдан кем болбой, ага да атайын кошумча касиети барлары татыктуу болот. Негизинен табыпчылык үйрөтүлбөйт. Себеби, касиети бар адам гана билим алып, тажрыйба топтоп анан гана табыпчы боло алат. Айрым учурда медицина кызматкерлери табыптарга карата ар кандай сын пикирлерди айтышат: анатомия, физиологияны билишпейт, анан кантип адам дарылайт дегендей. Биз буга толук кошулабыз. Себеби, чыныгы табыпчы бул нерсенин баардыгын билиши керек. Азыркы учурда табыпчымын деп, ультра үндү изилдөө 15 мүнөттө койгон диагнозду 5 секундда койгон адамдар көп. Анысы аз келгенсип өз билемдик кылып тура эмес дарылаган адамдар андан коп. Албетте, бул адамдар элдик медицинанын кадыр-баркына кедергисин тийгизип жатат.

«Улукман» атанган орто кылымдагы улуу дарыгер Абу Али ибн-Сина баштаган элдик медицинанын мыктылары жакшы далил. Дал ошолордун азыркы, илимий медицинанын пайдубалын түптөшкөнү, илимдин негизи болгондугу чындык.

Ошондуктан, улуу куч тартуулаган табыпчылык касиетти жокко чыгара албайбыз. Себеби, ар бир несени салмактап, тараза ташын туура калчап, орток чечим кабыл алып, ар бир нерсенин оң тарабын сиңирип, терсинен баш тарта билүү зарыл.

Салттуу медицина - чынар терек, ал эми элдик медицина анын –тамыры. Ошондуктан экөө эриш-аркак иш алып барса, көптөгөн адамдарга жардамы тийип, ооруларынан айыгып, өмүрлөрү узармак.

Салттуу медицина менен элдик медицинаны айкалыштыруу, алардан мамлекетке мүнөздүү медициналык дарылоочу улуттук жолду табуу аракети дүйнөдө көптөгөн өлкөлөрдө кайрадан жандануу-да. Маселен, Кытайда практикалык медицина менен катар элдик медицина өз жашоосун кечирип, ар бир жаранды дарылоого кызмат кылып келет. Мындай көрүнүш Индияда да бар. Ал эми филиппиндиктердин байыркы мезгилден бери колдонулуп келе жаткан хилера – операция жасоо өнөрү азыр дагы мамлекеттик деңгээлдеги дарылоо кесиби катары өз өлкөсүнө кызмат кылып келет. Мындай көрүнүштөр учурда ар бир улут өздөрүнүн салттуу медицинасын элдик медицина менен айкалыштырууда жаңы багытка ээ болуп жаткандыгын айкындайт.

Кыргызстан дагы медициналык дарылоонун жаңы жолуна мына ушундай практикалык медицина менен элдик дарылоо өнөрүн айкалыштыруу аркылуу, бирин экинчисине карама-каршы койбой, бириктирүү, жарандарга жалпы кызмат кылуу максатында өтүшү керек. Ан үчүн кыргыз элинин өзүнө гана таандык элдик медицинасынын байыркы багыттарын кайрадан изилдеп чыгуу зарыл. Ошондой эле, алардын ар бирине өз атын берип, “табыпчылык деген эмне?”, “бакшычылык деген эмне?”, “тамырчылык деген эмне?” деген сыяктуу ар бир адамдын алдында турган суроолорго жооп бериш керек жана анын жооптору коптогон маселелердин ачкычы болот деп ишенем.

***Колдонулган адабияттар***


1. *Сагымбай Орозбаков. Кол жазмалар фондусу, 575-инв. – 1206 б.*
2. *Ахсикенди Сайф ад-Дин Тарыхтардын Жыйнагы ( Мажму атут таворих) // Акыл / под ред. Досболова М. и Сооронова О. - Бишкек, 2017. - 126 с.*
3. *Сагымбай Орозбаков. Кол жазмалар фондусу, 572-инв., 235-б.*
4. *Сагымбай Орозбаков. Кол жазмалар фондусу, 573-инв., 235-б.*
5. *Сагымбай Орозбаков. Кол жазмалар фондусу, 5187-инв., 99-б.*
6. *Акеров. Т.А. Маджму ат-Таварих как исторический источник (Полный перевод, анализ и комментарии). – Бишкек: ОсОО "МАРТСНАБ" КНУ им. Ж.Баласагына, 2017.- 348 с.*